УДК 94. (575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-299-306

**Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна**
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, философия илимдеринин кандидаты, доцент
**Токтогулова Гулжамал Тыныбековна**
Жалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова, кандидат философских наук, доцент
**Toktogulova Guljamal Tynybekovna**
Jalal-Abad state university B.Osmonov, Candidate of Philosophy, Associate professor

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТИЛ ЖАНА ЖАЗУУ МАСЕЛЕСИ РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ МААЛЫМАТ БЕТТЕРИНДЕ
# ВОПРОС ЯЗЫКА И ПИСЬМЕННОСТИ В КЫРГЫЗСТАНЕ НА ДОРЕВОЛЮЦИОННЫХ ИНФОРМАЦИОННЫХ СТРАНИЦАХ
# THE ISSUE OF LANGUAGE AND WRITING IN KYRGYZSTAN IN PRE-REVOLUTIONARY INFORMATION PAGES

**Аннотация:** Эгемен өлкөгө айлануу ар бир элдин өз тарыхын жазуусуна жакшы шарт түздү. Анын шарапаты менен учурдун актуалдуу маселесине айланган тил жана жазуу тарыхын жаңыча иликтөөгө алуу жанданды. Бул илимий макалада советтик доорго чейинки кыргыз элинин тил жана жазуу тарыхын чагылдырган булакнаамалык маалыматтар иликтөө проблемасы катары көрсөтүлүп, алардын ичинен “Түркстан ведомосту” гезитиндеги маалыматтарды изилдөө негизги максат катары белгиленди. Иликтөөнү ишке ашырууда тарыхый-объективдүүлүк, тарыхый-салыштыруу, тарыхый-системалык, логикалык ыкмалар пайдаланылды. Ошол доордун өзөктүү окуясы катары маалымат беттериндеги Орусиянын Кыргызстанга жүргүзгөн колониалдык саясаты чагылдырылып, бул саясаттын бир бөлүгүн тил саясаты түзөөрү белгиленди. Жыйынтыгында, илимий коомчулукка сунушталган макалада Кыргызстандагы тил жана жазуу маселесинин революцияга чейинки мезгилдеги булакнаамалык маалыматтары илимий талдоодон өткөрүлдү.

**Аннотация:** Получение суверенитета странами позволило каждой нации написать свою историю. Благодаря ему возродилось новое исследование истории языка и письменности, которое стало актуальным вопросом современности. В данной научной статье в качестве исследовательской проблемы были указаны источниковедческие данные, отражающие историю языка и письменности кыргызского народа в постсоветское время, из которых основной целью было названо изучение информации, содержащейся в газете “Туркестанские ведомости”. При осуществлении исследования использовались историко-объективный, историко-сравнительный, историко-системный, логический методы. Ключевым событием той эпохи стало отражение на информационных страницах колониальной политики России в отношении Кыргызстана, часть которой составляет языковая политика. В результате в статье, представленной научному сообществу, был проведен научный анализ дореволюционных источниковых данных по проблеме языка и письменности в Кыргызстане.

**Abstract:** The acquisition of sovereignty by nations allowed each nation to write its own history. Thanks to it, a new study of the history of language and writing has been revived, which

has become a pressing issue of our time. In this scientific article, the source study data reflecting the history of the language and writing of the Kyrgyz people in the post-Soviet period was specified as the research problem, of which the main purpose was to study the information contained in the newspaper "Turkestan Gazette". When carrying out the research, historical and objective, historical and comparative, historical and systematic, and logical methods were used. The key event of that era was the reflection of Russia's colonial policy towards Kyrgyzstan, part of which was the language policy, on the information pages. As a result, in the article, presented to the scientific community, the scientific analysis of pre-revolutionary source data on the problem of language and writing in Kyrgyzstan was carried out.

**Негизги сөздөр:** тил, басма сөз, булакнаама, колония, мусулмандык билим берүү, жазма маданият, чагатай тили, кириллица, билингвизм.

**Ключевые слова:** язык, пресса, источниковедение, колония, мусульманское образование, письменная культура, чагатайский язык, кириллица, билингвизм.

**Keywords:** language, press, source study, colony, Muslim education, written culture, Chagatai language, Cyrillic, bilingualism.

Ааламдашкан алкактагы актуалдуу маселелердин бири улуттардын өз эне тилин сактап калуу маселеси. Мындай мамлекеттердин катарын Кыргызстан да толуктайт. Анткени биздин өлкө да эне тилин жоготуу коркунучуна кептелип бара жаткандыгы коомчулук жана илимий чөйрө тарабынан баса белгиленип, аны өнүктүрүү максатында бир топ иш-чаралар колго алынууда. Учурдун актуалдуу маселеси болуп саналган тил маселесинин Октябрь революциясы жеңип чыкканга чейинки абалы тууралуу иликтөө негизги проблема катары коюлуп, булактык базанын негизин түзгөн “Түркстан ведовосту” гезитинин беттериндеги материалдарды талдоого алуу негизги максаттардын бири болду.

Тарыхый салыштыруу, тарыхый-объективдүүлүк, тарыхый-генетикалык, тарыхый-системалык ыкмалар колдонулуп, тил жана жазуу маселесин талдоодо кеңири пайдаланылды.

“Туркестанские ведомости” №6 1873-жыл 6-февралдагы санында “Вернен уездиндеги көчмөн калк тууралуу эскерүүлөрүндө” деген макала жарыяланып, анда Ю.Балицкий: “сабаттуулук кыргыздар арасында өтө аз, бирок Тау-кумс волостунда башкаларга салыштырмалуу сабаттуу адамдардын пайызы көбүрөөк. Бул жерде эки мектеп бар жана 50дөй окуучусу бар. Мектептин мугалимдери каркаралынын кыргыздары” [1] – деген кызыктуу маалымат кездешет (башынан аягына чейин кыргыз термини колдонулган, бирок көптөгөн маалыматтарында казак элин кыргыз эли менен чаташтыргандай Т.Г.).

Россия ориенталистеринин эл аралык конгресси тууралуу маалыматта ар түрдүү багыттарды изилдөө маселелери менен бирге лингвистика-адабият багытынын да алектенүүчү маселеси так көрсөтүлүп, тил жана нречиелер качан ким тарабынан изилденгендиги, аймагы, лексикалык жана грамматикалык мамилеси, оозеки чыгармачылык тилдери жана наречиелери (ырлар, жомоктор, макал-лакаптар), котормолор тууралуу маалыматтар менен алектенүү [2] милдеттери каралган.

“Туркестанские ведомости” №18 1876-жыл 11-майындагы санында Түркстан крайындагы училищелердин башкы инспектору болуп, ушул жылдын 1-январынан А.Л.Кундун дайындалгандыгы тууралуу буйруктар, андан сырткары окууга кабыл алуу эрежелери, даярдоо класстары, кийинки класстарга көчүү жана окутулуучу предметтер,

арасында латын тили да бар, эскерүү саптарында сөзсүз кошумча тил үйрөнүү керектиги, ал эми орус тилин даярдоо классында көп багыттуу окутуу [3]тууралуу маалыматтар кездешет.

"Туркестанские ведомости" гезитинин №37 1876-жыл 21-сентябрдагы санында "Мусулман мектептери" деген А.Л.Кундун макаласы жарыяланып, Түркстан крайында мусулмандык мектептер басымдуулук кылаары, алардын көпчүлүгүн вакуф каржылаары, имамдар сабак берээри, мектептин ичи үйдөгү шартты элестетет, бир бөлмөлүү, биринчи сабакта диндик маанидеги ыр тести: "Боже милосердый просвети сердцо раба твоего, Рабь этот мусульмань. Жаждущий читать корань. Онь ищеть твоего покровительства, Ибо много согрешиль" кайталанып, бул ырды жаттоого бир нече күн кеткен. Байлардын балдары дайыма мугалимге жакын олтурган, мугалим доскага 28 тамгадан турган араб алиппесин жазат, ар бир тамганын окулушун окуучуга түшүндүрөт, алиппени (алфавит ТГ) жакшы өздөштүргөн соң абджадга өтүшөт. Абджад – эске тутуу көнүгүүлөрү, үнсүз тамгалар лексикалык мааниси жок сөздөргө бириктирилген, бирок сандык гана. Бул жаттап алууда, бардык арифметикалык таанымды окуучулар баштапкы билимден алып чыгышат. Абджаддын кабалисттик сөздөрүн жаттоого бир, эки жума кетет. Абджаддан өткөн соң куранды үйрөнүүгө өтүшүп, биринчи главадан башташат. Ар бир главаны өздөштүрүү бир күндүк эс алуу, ал эми үчүнчү бөлүктү Алянашерди үйрөнүү майрам менен коштолот. Алянашерди үйрөнгөнт окуучу өтүлгөн курандын 21 главасын кайра кайталайт. Эсинде сактаганды кайталаган окуучу анын ар бир сөзүн китептеги менен салыштырат. Өтулгөндү биротоло өздөштүргөн окуучу курандын калган 58 главасын Хавту-Экьти (көбүнчө хав-тяк ТГ) өздөштүрүүгө өтөт. Аны аяктаган окуучу курандын каламь-шерифтин (ыйык сөздөр) кабыл алат. Баарын аткаргандардын арасынан бир окуучу тандалат, ал окуучунун ата-энеси жакындарын чакырып, той өткөрөт, ошол жерде ошол окуучу курандын текстерин окуйт, эл бата берип тарашат, курандын бардык текстерин аңдоосуз (бессознательно) жаттаган окуучу перс тилинде жазылган ишеним эрежелеринин жынагы Чахар-китабды (Чаар китеп ТГ) кабыл алат. Ушул күнгө чейин мектеп аң-сезимсиз аракет менен араб сабатын өздөштүрүп келишет. Арабдын 28 тамгасын тааныган окуучу перс тилиндеги 31 тамгага өткөндө жазылгандарды окууда белгисиз тамгалардан кыйналышат. Ал тамгаларды колиграфияда үйрөнүшөт. Чахар-китадды аяктаган соң, окуучулар Шейхь-Атарь-Валянын тажик тилинде жазылган Мантыкь китебине өтүшөт. Мантыкь китебинен соң окуучулар чыгыш акындарынын бири Ходжи-Хафистин перс тилинде сочиненияларына өтүшөт. Андан соң Мирза-Бидильдин тажик тилиндеги китебин алат. Аны да өздөштүргөн соң окуучулар мектептен бошотулуп, акыркы жыйынтыктоочу мектептик билимге өтүп, түрк тилинде жазылган эмир Навайдын ырларын окуйт. Ынтаалуу окуучулар Навайдын китебинен кийин өзбек тилинде жазылган Фазулинин ырларын өздөштүрүшөт. Көбүнчө Чахар-китоджан кийин жогоруда белгилеп өткөндүн баары эле аткарыла бербейт. Тажик тилиндеги Чахар-китобдан кийин өзбек тилине да өтүп кетишет. Көбүнчө мектептерде төмөндөгү китептерге өтүү эрежеленген. 1. Өзбек тилиндеги Сафу-Алаярдын ырлары, 2. Өзбек тилиндеги Фаузи-Наджаттын ырлары, 3. Наваи, 4. Фазули, 5. Бидивь. Китепти тандоо мугалимдин көз карашына көз каранды болуп, баары бирдей тартипте болгон. Бир китепти аяктамайын экинчи китеп берилген эмес. Бир эле мезгилде эки үч китепти паралелдүү караган мектеп жок деп так айтууга болот. Навай жана Фазулинин китептерин окуп бүтүргөн окуучу өз каалоосу менен коллиграфияны үйрөнүү үчүн мектепке келсе болот. Аны да аяктаса медресеге жөнөтүлөт. Мусулман мектептеринде европа мектептериндей экзамен [4] ж.б. жок.

“Туркестанские ведомости” гезитинин №40 1876-жыл 12-октябрдагы санындагы “Түркстан крайындагы училищелерди башкаруудан” деген макалада окуу жайга кабыл алуу эрежелери, айрыкча тилге басым жасоо маселелери байкалат. Тактап айтканда, даярдоо классына экземенсиз кабыл алынат, бирок орусча ркуганды жана жазганды билиш керек. Орус тилинен деген дагы бир пункта так же шар окуп, ар бир класста орус тилин өнүктүрүп үйрөнүү жана китептен көчүрүп жаза алуу, кийинки класстарда өз алдынча жазуу эрежелери [5] кездешет.

“Туркестанские ведомости” гезитинин №47 1876-жыл 30-ноябрдагы санындагы “Орто Азиядагы могометань мектебинин билим берүүсү тууралуу” аттуу макалада башка маалыматтардагыдай эле башталгыч билимден (мактаб) жогорку билимге (мадраса) чейинки тартиби, эрежелери, негизи эле ислам маданиятынын Орто Азияга жайылуу тарыхы [6] тууралуу кеңири маалымат кездешет.

Ош уездик дарыгеринин аялы, үй мугалими Екатерина Ларионова, Оштогу кыздардын эки класстуу училищесинин башчысы болуп дайындалып, ушул жылдын 1-сентябрынан каржылансын деген буйрук 1878-жылы 21-сентябрь № 96, Ташкентте чыгарылгандыгы жазылган. №97 буйрук менен Перов шаарынын эки класстуу училищесинин мугалими Киселевь Оштогу эки класстуу училище менен ушул жылдын сентяьрынан кошулган [7] деген да буйрук бар.

Октябрь революциясына чейин казак элинде “Казак” аталышында гезит чыгып турган. “Казак” гезитинин топтому 1998-жылы Алматыдан китеп форматында чыгарылып, илимий чөйрөгө кеңири тараган. 1913-жылы жарык көргөн 1-44 сандарында кытай жергесиндеги казактар, казак тарыхы[8.15], казактан солдат алабы [8.34], Григорий Николаевич Потанин [8.37], орысша окушылар макаласында кыргыз мугалимдер мектебиндеги окууга кирүү тартиби тууралуу сөз болсо [8.59], Алаш азаматтарына деген макалада биригүү идеялары [8.78] көтөрүлгөн. 1914-жылдагы 45-100 сандарында “Айкап” журналы тууралуу маалыматтар[8.89], Потаниндин докладынан үзүндү[8.96], башталгыч мектеп[8.98], мектеп керектери [8.101], Шокан Шыңгыс углы Уалихан тууралуу көлөмдүү макала[8.105], 1915-жылдагы 101-163 сандарда кеңеш каттар[8.149], Түркстан [8.168], Г.Н.Потаниндин жанында[8.228], бардык кыргыз-казак билимдүүлөрүнө кат [8.234], 1916-жылдагы 166-211-сандарында петроград каты [8.272], Алаштын азаматы [8.321], Алаш гезити [8.349], 1917-жылдагы 212-245 сандарында В.В.Радлов түрк тилинин улуу окумуштуусу [8.358], кыргыз-казак шыгыны [8.403], Алаш партиясы [8.414] тууралуу маалыматтар кездешет.

О.Керенскийдин эл агартуу министрлигинин журналынан Түркстан крайындагы мектептер, медреселер, билим берүү жагдайы, каржы маселелери (вакф), вакфтык китепканалар, ар уездеги билим берүү абалы, араб тили, араб жазуусу, жалпы билим берүү курстарында окулуучу предметтер менен камсыздоо жана окутуу эрежелери тууралуу маалыматтарын [9]кездештиребиз.

Эл болуп жаралганы өз тарыхын оозеки чыгармаларында чагылдырып, муундан муунга калтырып, өткөн өмүрүн, катаал турмушун, тарыхын, санжырасын, маданиятын көркөм формада сактап келген кыргыз эли өзүнүн маанилүү фольклору менен белгилүү болуп, изилденип жаткан объекти үчүн тарыхый этнографиялык булак болуу менен кыргыз коомундагы тил жана жазуу тарыхынын маселелерин чечмелөөгө жакындан жардам берет.

Кыргыз коомундагы тил жана жазуу маселеси боюнча анализенүүчү булактардан болуп, Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусундагы эл арасынан

чогултулуп, топтолгон этнографиялык-тарыхый оозеки булактарды айтууга болот. Бул булактар ошол доордун маданий аксиологиясы, улуттун тарыхы жана кенчи болуп эсептелген оозеки булактардын башка тарыхый булактардан өзгөчөлүгү болуп, фактологиялык жана баа берүүчүлүк мазмуну саналат, анткени оозеки тарых тарыхый таанымды калыптандырат [10.16].

Кыргыз коомундагы тил көрүнүшүнүн калыптанышынын идеялык башаттары болуп, элдик фольклор саналып, бул багыт да изилдөө ишинин булактык база катары кызмат кылат. Оозеки айтылган булактар аркылуу да ошол доордун көрүнүштөрүн баамдоого болот. Болгону маалыматтын ынанымдуулугуна, тактыгына, башка маалыматты толуктоочу кызматты аркалай алгандыгына кылдат маани берүү менен илимий иште колдонууга болот. Белгилей кетүүчү нерсе, кыргыз коомунда улуттук жазуу калыптанганга чейинки мезгилде топтолгон оозеки жана жазма эстеликтерде тилдик өзгөчөлүктөр байкалат. Мындай өзгөчөлүктөрдү тил маселесинин адиси катары эмгектенген автордун сөзү менен айтканда: "...географиялык же аймактык жактан бөлүштүргөндө Кыргызстандын Түштүк-батышында жашагандардын, тил жагынан түштүк диалектиси, түндүк диалектиси, түштүк-батыш диалектиси деп үчкө бөлүп изилдегенде үчүнчүсүнүн, мурдагы мамлекеттик же согуштук түзүлүш жагынан оң, сол, ичкилик деп караганда ичкиликтердин адабияты гана эмес, бир кезде Борбордук Азия элдери биргелешип пайдаланган жазма тил – Чагатай тилинин негизин түзгөн ичкилик диалектисин б.а. ичкиликтердин тилин, фольклорун, тарыхын, маданиятын иликтөө керек" [11.211]деген пикири келечекте изилденүүчү маселелердин көп экендигинен кабар берет.

Арстанбектин өмүр жолу жана чыгармачылыгына байланышкан алгачкы изилдөөлөрдүн бараандуусу белгилүү-адабиятчы окумуштуу Тазабек Саманчиндин "Арстанбек" аттуу 1941-жылы 28-апрелде жазган эмгеги саналаары, Арстанбек Буйлаш уулунун акындык мурастарынын баа жеткисиздиги, андан кем калышпаган Калыгул Бай уулунун көркөм мурастары [11.202-210]автор тарабынан мыкты изилденгендигин белгилей кетели.

Туяк ырчы башкалардан айырмаланып жазма акын эмес, чыныгы маанисинде төкмө ырчы болгондугу ырларынан көрүнүп турат деген автор: "Туяктын (1856-1912)
ырлары кыргыз адабий тилине алда канча жакын экендигине" [11.216]токтолот..

Кыргыз коомундагы элдик фольклор жаатындагы табылгалардын бири Дооран ырчы тууралуу даректүү табылгалар. Дооран Ырысдөөлөт уулу (Котур уулу деп да айтылат) Жалал-Абад областына караштуу Ленин районундагы Шайдан айылдык Кеңешинин Көлмө деген жеринде болжол менен 1870-1880-жылдар аралыгында туулган. Омор Соороновдун иликтөөлөрүнө ылайык: "Доорандын жаш кезинен эле ырчылыкка шыгы ойгонуп, кийинчерээк түштүк кыргыздарга кеңири белгилүү Карамырза ырчыга шакирт болот (Инв. №601). Батасын алуу максатында атактуу Бекназар акынга барып, ырдап учурашып, акыры катуу айтышка өтүп, Бекназардын жеңилүүсү менен бүтөт. Айтыштын аягында "Өзгөчөм" жана Доранга тиешелүү "Ак дилгир" ("Ак дилбар" деп да ырдалат) деген ырлары өзү жашаган аймакка кеңири таралган" [11.86-89] дейт автор.

Карамырза Калыбек уулу 1861-жылы Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу Ожурай кыйтагында төрөлгөн, маалымат берүүчүлөрдүн пикирине ылайык, Токтогул жана Барпынын ырларында анын ысымы кездешет (Академиянын кол жазмалар фондусу. Инв.№676). Карамырза ырчы тууралуу китептерде "Карамырза (1861-1931)" "Кыргыз адабиятынын тарыхы" (7 томдуктун 4-томунда Б., "Шам" басмасы, 2003-ж., 332-

338-беттер), “Карамырза Калыбек уулу” (Жалал-Абад обулусу. Энциклопедия. Б., Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2003-ж., 219-бет) [11.193]кездешет дейт автор.

Фольклор темасына кайрылганда аялдан чыккан ак таңдай тууралуу айта кетүүбүз абзел. Омор Соороновдун пикирине таянсак: “Ырчылык өнөрдө аялдардан чыккан төкмөлөр туурасында сөз болбой келет. Айтыш жанрында ат салышкан аялдардын арасынан Талым кыз, Шекер кыз, Наркүл, Жумагүл, Акыш, Алтынай, Балкы кыз, Чата кыз, Алымкан ж.б. ысымдарды жолуктарабыз, бирок, бирин-экин ыр-айтыштары басма жүзүндө жүргөн менен ырчы катары толукшута көрсөткөн топтом чыгармалары, өмүр-тагдырлары туурасында айтылган материалдар жокко эсе экендигине токтолуп, Анаргүл акын жөнүндө сөз башка [11.132] деп, кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгын жыйноочулардын көрүнүктүү өкүлү Каюм Мифтаковдун Анаргүл төкмөнүн “Насыят”, “Мырза уул”, “Кулмурза”, “Анаргүл менен Мамазакирдин айтышы”, “Казак кызы менен казак жигитинин алым сабак ыры”, “Кичи Алай”, “Арман”, “Гүлсүн кошогу”, “Бөрүбай акындын кошогу” деп аталган өз күйөөсү өлгөндөгү көлөмдүү кошогу жана “Манас” эпосунан үзүндү жазылып алынгандыгына [11.132]токтолот.

Атактуу фольклорист-жыйноочу К.Мифтаков Анаргүлдүн кыскача өмүр баянын жана ага ыйгарган өз баасын да калтырып кеткендигине токтолгон автор: “Анаргүл Тажибаева 1900-жылда Ноокат району, Кызыл-Бостон сельсовети, 3-Интернациональ колхозу, Айбек (азыркы 2-Кашкалдак) айылында орто чарба үй-бүлөсүндө туулган. Ырчылыкты 16 жашынан ашыглыкты (күйгөндү) айта баштаган...Мазмуну жагынан келсек, бүткүл ырлары анын турмушуна байланып келип чыккан (Академиянын Адабият жана өнөр институтунун Кол жазмалар фондусу. Инв.№169(380)) ”[11.132-133].

Кыргыз жазма мурастарынын көч башында турган өкүлдөрүнүн бири Молдо Нияз. Молдо Нияз Б.М.Юнусалиевдин пикирине ылайык: “1825-1826-жылдары Ош обулусунун Фрунзе районуна караштуу Шаймардан өрөөнүндө туулган. Молдо Нияз ыр жазууну жаш кезинен баштап, кыргыз жеринин бардык булуң бурчтарына чейин саякат жасап, ырларын окуп жүргөндүгү” [12.49] белгиленет. Омор Сооронов Молдо Нияз тууралуу бир катар тактоолорду киргизип: “2138 ыр саптуу кол жазма китеби бар, ал “Санат диграст”. Азыр биздин колдо үч китеби жана эндүү кагазга түшүрүлгөн дагы бир жазмасы бар. Кокон хандыгында кыргыз, арап, фарси, эски түрк тилдерин билип жана ошол тилдерде эркин жаза, философиялык терең ойлорду айта ала турган мүдарис катары кеңешчи болуп жүргөн өтө белгилүү, кадыр-барктуу инсан – Молдо Нияз акын болгондугуна токтолуу менен [11.91], акындын үч кол китептен турган кол тамгалары окуганга будоо келип, эски түрк жазмаларынан богондуктан көп убакыт сарпталып, Раушанбек Зулпукаров экөөлөп котордук [11.97], үч кол китеп тең бир кол тамгада, б.а. Молдо Нияздын Оз колу менен жазылган, XIX кылымдын орто ченине тиешелүү, автору өз кол тамгасы менен калтырган кызгыз жазма тарыхындагы (кыргыз тилиндеги) жападан жалгыз мурас болуп саналат [11.99]дейт.

Молдо Кылыч Шамыркан уулунун жашоо тарыхы революцияга чейинки мезгилге туура келип, алгачкылардан болуп “Кысса-и зилзала” китебин 1911-жылы Казандан чыгарган жазма маданияттын өкүлү экендигине токтолгон автор: “кийин 1925 жылы “Тамсилдер” деген жыйнакка “Буудайык” аттуу элдик дастан менен биргеликте Кылычтын “Канаттуу”, “Буудайыктын тою” аттуу чыгармалары жарыялануусу, Т.Саманчиндин “Молдо Кылыч – кыргыздын биринчи жазгыч акыны” деген темада кандидаттык диссертация коргошу...Молдо Кылычка тиешелүү 56 папканын бар экендиги, алардын ичинен 8

папкадагы материал араб тамгасында жазылгандыгы, дагы 2 папкада араб тамгасындагы айрым барактардын фото нускалары, калган 4 папкада бир нече информаторлор тарабынан араб тамгасында, ар түрдүү жылдарда жазып өткөргөн ырлар менен дастандар турат... Дагы 4 папкада латын тамгасында жазылган жана машинкаланган материалдар бар, калган 44 папкадагысы азыркы тамга менен машинкаланган Кылыч дастандарынын бир нечелеген нускалары, алар жөнүндө жазылган справка, аннотация, макалалар жана орус тилине сапмасап которулган материалдар болуп саналат” [11.3-5]деген пикиринен соң, Молдо Кылычтын кыргыз жазма маданиятындагы опол тоодой ордун, баа жеткис эмгегин, али изилдене элек мурастарын байкоого болот.

Ниязаалы Молдо Эсенгул уулу жазма акын катары да, дин илимин өздөштүрүп, сопучулукка (суфизм) баш койгон адам катары да өз мезгилинде Түндүк Кыргызстанда белгилүү инсан болгондугуна токтолгон автор: “...анын 932 саптан турган, терме формасында жазылган, биз болжолдуу түрдө “Жигиттерге насыят” деген аталыш берген жана “Ныйазалы Молдонун насыяты” деген 722 саптан турган диний насыят ырлары Академиянын Колжазмалар корунда сакталып калган” [11.194-196]– дейт.

Кокон ордосуна кызмат өтөгөн кыргыз тарыхчысы же Кокон хандыгынын тарыхына арналган кол жазма Зиябидин Максымга таандык. “Фергана хандарынын тарыхы” кол жазмасын (Араб арибинде, чагатай тилинде, Стамбулдан белгилүү окумуштуу Анвар Мокеев алып келген) [11.202] деген автор: “кол жазманы тарыхчы К.Молдокасымов алып келди. Араб арибинде жазылып, 1662 беттен турат экен, тили – Түркстанда (Орто Азияда) жашаган түрк элдери бир кезде орток жазма тил катары пайдаланган Чагатай тилинде. А.Мокеевден К.Молдокасымов алып, микрожазмадан чоңойттуруп, кагаз бетине түшүрүп, бизге берген” [11.224] – дейт. К.Молдокасымов: “...белгилүү окумуштуу А.Мокеев 1992-жылы Стамбул университетинин китепканасынан Кокон тарыхына байланыштуу көлөмдүү кол жазманы тапкан. Бул 833 барактан же 1666 беттен турган кол жазма китепканачылардын берген аты боюнча “Фергана хандарынын тарыхы” деп аталган. Ал XIX кылымдын экинчи жарымында эски чагатай тили менен жазылган. А.Мокеевдин аныктоосуна караганда кол жазмада окуялардын жылдары көрсөтүлбөй жазылган. Кол жазманын автору Магзуни деген адам...Бул кол жазма буга чейин Кокон хандыгынын тарыхына арналган белгилүү жазма булактарга карганда көлөмү жагынан да мазмуну жагынан да айырмаланып турат. Анткени илимий чөйрөдө Кокон хандыгынын тарыхы боюнча негизги тарыхый булак катары эсептелип келинген Молдо Нияз Кокондинин фарси тилиндеги “Тарихи Шахрухи” аттуу эмгеги 350 беттен ашпайт. Ошондой эле Молдо Нияздын эмгеги 1876-жылга чейинки гана окуяны камтып, андан кийинки Кудаяр ханга байланыштуу маалыматтар жок [13.3-4]” – деген пикири аркылуу кыргыз коомундагы жазма эстеликтерди изилдөө келечектин иши экендигин белгилей кетүүгө болот.

## Колдонулган адабияттар:

1. Туркестанские ведомости. 1873-г.,6-февраль, №6.
2. Туркестанские ведомости. 1876-г.,27-апрель, №16.
3. Туркестанские ведомости. 1876-г.,11-май, №18.
4. Туркестанские ведомости. 1876-г., 21-сентябрь, №37.
5. Туркестанские ведомости. 1876-г., 12-октябрь, №40.
6. Туркестанские ведомости. 1876-г., 30-ноябрь, №47.
7. Туркестанские ведомости. 1878-г., 10-октябрь, №40.

8. Казак гезити. Алматы 1998-жыл. – с.-560.
9. Журнал министерство народного образования Спб.-1892, ноябрь .-52с.
10. Шеглова Т.К. Устная истрия [Текст] / Т.К. Шеглова. – Барнаул: 2011. – 364с.
11. Сооронов О. Кол жазмалар жөнүндө сөз (1-китеп) [Текст] / О.Сооронов. – Бишкек: "Турар", 2009. – 340б.
12. Юнусалиев, Б.М. Отражение диалектических особенностей в сонатах Молдо Нияза [Текст] / Б.М.Юнусалиев // Тюркологические исследования. – Фрунзе, 1970. – С. 49.
13. Зиябидин Максым Фергана хандарынын тарыхы [Текст] / Зиябидин Максым. – Бишкек.: "Турар", 2007. – 275б.